Силерден мурдагылардын жолун изме-из, карышма-карыш ээрчийсиңер

Абу Саид ал-Худри (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силерден мурдагылардын жолун изме-из, карышма-карыш ээрчийсиңер. Атүгүл, алар кескелдириктин ийнине кирсе, силер да аларды ээрчип киресиңер". Биз: О, Аллахтын элчиси, сиз жөөттөр менен христиандарды айтып жатасызбы? - деп сурадык. Ал: "Алардан башка кимди айтмак элем?!" - деди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) анын заманынан кийин келе турган үммөтүнүн кээ биринин абалын сүрөттөгөн. Алар жөөттөр менен христиандардын акыйда-ишенимин, кылган иш-аракеттерин, адаттарын, каада-салттарын дал ошолордой кылып изме-из, карышына-карыш ээрчишет. Атүгүл, алар кескелдириктин ийинине кирип кетишсе, алардын артынан ээрчип булар да киришет.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3355